| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезексиз үчүнчү сессиясы**

**Учкун айылы** **23.12. 2024-ж**

**Токтом №10**

**Орозбеков айылынан жер аянтын трансформациялоого макулдук берүү жөнүндө.**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап, айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси Б. Мажитовдун баяндамасын угуп, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 10-беренесинин 1-3-пункутуна негиз Орозбеков айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Орозбеков айылынын Жоокесек-Коргон участкасынын №710 контурунан 1,0 га жер аянтын айыл чарба багытындагы жерлер багытынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер багытына которууга макулдук берилсин.

2. Которулган жер аянты муниципалдык менчикке катталып, кичи футбол аянтча куруу максатында пайдаланылсын.

3. Тиешелүү иш кагаздарын даярдап, токтомдун аткарылышын камсыздоо Орозбеков айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси Б. Мажитовго тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары Н. Ысаковага жана айыл чарбасы, турак жай жана коммуналдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Каримов**